**Мектептеги БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮ кафедрасынын жетекчисинин функциялык милдеттери**

**I. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР**

1.1. Башталгыч билим берүү кафедрасынын жетекчиси кесиптик жогорку билимдүү жана билим берүү системасында 5 жылдан кем эмес иш стажы болушу керек.

1.2. Башталгыч билим берүү кафедрасынын жетекчиси директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басарына же илимий – усулдук иштери боюнча орун басарына баш иет.

1.3. Башталгыч билим берүү кафедрасынын жетекчиси өз ишмердүүлүгүндө КР мыйзамдарына ылайык иш алып барат, айлык акы төлөнүп берилет.

**II. ФУНКЦИЯЛЫК МИЛДЕТТЕРИ**

2.1. Бекитилген мугалимдер тобунун усулдук иштерин уюштуруу, ал ишти жетектөө жана анын аткарылышын көзөмөлдөө.

**III. КЫЗМАТТЫК МИЛДЕТТЕРИ**

Башталгыч билим берүү кафедрасынын жетекчиси төмөндөгүдөй кызматтык милдеттерди аткарат.

3.1. Талдоо жүргүзөт:

- бекитилген мугалимдер тобунун усулдук иштеринин көйгөйлөрүн жана натыйжаларын;
- катышкан сабактардын жана ишмердиктин башка түрлөрүнүн формасын жана мазмунун;

3.2. Болжолдойт:

- пландалган усулдук иштин натыйжасын;

3.3. Пландайт жана уюштурат:

- бекитилген педагогдордун ишмердүүлүгүнүн учурдагы жана келечектеги пландары;

- керектүү усулдук документацияларды иштеп чыгуу;
- бекитилген мугалимдердеги окуучулардын билимин баалоо натыйжасынын обьективдүүлүгүн жана программанын аткарылышын көзөмөлдөөнү жүзөгө ашыруу;
- административдик көзөмөлдөө иштерин даярдоо жана өткөрүү боюнча иштерди;
- бекитилген мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жана квалификациясын жогорулатуу;

3.4. Координациялайт:
- бекитилген мугалимдер менен керектүү усулдук документацияларды иштеп чыгуу; -
бекитилген мугалимдердин окуу пландарынын жана программаларынын аткарылышын;

3.5. Жетектейт:
- Башталгыч билим берүү кафедрасынын ишин;

3.6. Көзөмөлгө алат:
- өзүнүн башталгыч билим берүү кафедрасынын ишин;
- өзүнүн башталгыч билим берүү кафедрасынынсиндеги мугалимдерден билим алган окуучуларынын билиминин обьективдүү бааланышын;

3.7. Катышат:
- окуу процессин камсыз кылуучу усулдук документтерди иштеп чыгууга;
- өзүнүн башталгыч билим берүү кафедрасынынсиндеги педагогдордун пландарын жана программаларын тууралоого;
- башталгыч билим берүү кафедрасынын жана усулдук кеңештин отурумдарына;

3.8. Консультация берет:
- башталгыч билим берүү кафедрасынын мугалимдерине усулдук иштин маселелери боюнча;

3.9. Баалайт:
- өзүнүн башталгыч билим берүү кафедрасынынсиндеги мугалимдердин усулдук табылгаларын; 3.10.
Редакциялайт жана жайылтат:
- өзүнүн бирикмесиндеги басмага даяр болгон усулдук материалдарды;

## IV. УКУКТАРЫ

Башталгыч билим берүү кафедрасынын жетекчиси өзүнүн компетенциясынын чегинде төмөндөгүдөй укуктарга ээ:

4.1. Катышып отурууга:
- өзүнүн башталгыч билим берүү кафедрасынынсиндеги мектеп мугалиминин окуучуларга өтүп жаткан ар кандай сабагына (сабак башталганда чукул зарылдык болбосо да класска уруксатсыз кирүүгө жана сабак учурунда мугалимге эскертүү берүүгө).

4.2. Катышууга:
- мектептин билим берүү саясатына жана стратегиясына ылайык стратегиялык документтерди даярдоого;
- педагогдорду аттестациялоого;

- педагогикалык кеңештин ишине;
- өзүнүн башталгыч билим берүү кафедрасынын педагогикалык кадрларын тандоого жана жайлаштырууга.
4.3. Сунуш киргизүүгө:
- өзүнүн башталгыч билим берүү кафедрасынынсиндеги мугалимдердин конкреттүү усулдук долбоорлорун баштоого, токтотууга же убактылуу токтотууга;
- өзүнүн башталгыч билим берүү кафедрасынынсиндеги мугалимдерин сыйлоого, моралдык жана материалдык жактан дем берүүгө;
- окуу-усулдук иштерин өнүктүрүү боюнча.
4.4. Көзөмөлгө алат жана баалайт:
- өзүнүн башталгыч билим берүү кафедрасынынсиндеги мугалимдердин топтук жана жеке окуу-усулдук иштеринин жүрүшүн жана натыйжаларын.
4.5. Сурамжылайт:
- кол алдындагылардын иш документтерин көзөмөлгө алуу жана оңдоп түзөө үчүн; -
өзүнүн кызматтык милдеттерин аткаруу үчүн жетекчиликтен маалымат материалдарды жана нормативдик-укуктук документтерди алуу жана колдонуу.
4.6. Талап кылат:
- бекитилген мугалимдерден кесиптик этиканын нормаларын жана талаптарын сактоону, мектеп жамааты кабыл алган пландарды жана программаларды аткарууну (милдеттүү мүнөзгө ээ).
4.7. Жогорулатуу:
- өзүнүн квалификациясын.

## V. КЫЗМАТЫ БОЮНЧА ӨЗ АРА МАМИЛЕЛЕР ЖАНА БАЙЛАНЫШТАР

5.1. Башталгыч билим берүү кафедрасынын усулдук ишмердүүлүгүн мугалимдер менен бирдикте пландайт. Иш планы директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары менен макулдашылып, пландалган убакыт башталаардан беш күндөн кем эмес мөөнөттө мектептин директору бекитет.
5.2. Башталгыч билим берүү кафедрасынын жетекчиси төмөнкүлөр менен бирдикте иш алып барат:
- мектептин педагогикалык жана усулдук кеңештери менен;
- райондук башталгыч билим берүү кафедрасы менен;
- директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары, класс жетекчилер, социалдык педагогдор менен.
5.3. Башталгыч билим берүү кафедрасынын ишмердигинин жазуу түрүндөгү отчетун окуу жылынын соңку беш күнүндө директордун окуу-тарбия иштери же илимий-усулдук иштери боюнча орун басарына көрсөтөт.
5.4. Билим берүү уюмунун директорунун окуу-тарбия иштери же илимий-усулдук иштери боюнча орун басарынан нормативдик-укуктук жана усулдук уюштуруу мүнөзүндөгү маалыматты алат; тийиштүү документтер менен таанышат.
5.5. Билим берүү уюмундагы педагогикалык кызматкерлер, директордун окуу-тарбия же илимий-усулдук иштери боюнча орун басары менен өзүнүн

